КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИЛИМ, ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИННОВАЦИЯЛАР МИНИСТРЛИГИ
“Б.ОСМОНОВ АТЫНДАГЫ ЖАЛАЛ-АБАД МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ” ИЛИМИЙ БИЛИМ БЕРҮҮ ӨНДҮРҮШТҮК КОМПЛЕКСИ

Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун
Окумуштуулар кеңешинде
каралып, бекитүүгө сунушталган
Протокол №1
“10” 09 2026-ж.

БЕКИТЕМ
Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун
ректору, т.и.д., профессор
К.Ж.Усенов
“10” 09 2026-ж.

Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин кесиптик жогорку билим берүү программасынын бүтүрүүчүлөрүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоо жөнүндө жобо

Манас - 2026

Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин бүтүрүүчүлөрүнүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоо жөнүндө жобосу ЖАМУнун Окумуштуулар кенешинин 08.02.2016 №4-протоколу менен кабыл алынды;

Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин бүтүрүүчүлөрүнүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоо жөнүндө жобосу ЖАМУнун Окумуштуулар кенешинин 2019-жылдын 1-апрелиндеги № 6 -протоколу менен өзгөртүү киргизилген;

Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин бүтүрүүчүлөрүнүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоо жөнүндө жобосу ЖАМУнун Окумуштуулар кеңешинин 2022-жылдын 28-январынын №6 протоколу менен 3-бөлүмдүн 3, 4 -пунктуна өзгөртүү киргизилди.

Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин бүтүрүүчүлөрүнүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоо жөнүндө жобосу ЖАМУнун "Окумуштуулар кенешинин 2023-жылдын 26-июндагы № 11-протоколу менен өзгөртүү киргизилген;

Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин бүтүрүүчүлөрүнүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоо жөнүндө жобосу ЖАМУнун Окумуштуулар кеңешинин 2024-жылдын 31-январынын №6 протоколу менен 4.11 пунктуна кошумча киргизилди;

Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин бүтүрүүчүлөрүнүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоо жөнүндө жобосу Кыргыз республикасынын министрлер кабинетинин 2024-жылдын 22-майындагы №258 токтомунун негизинде ЖАМУнун Окумуштуулар кеңешинин 2024-жылдын 13-июнь №10 протоколу менен кабыл алынды

Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун кесиптик жогорку билим берүү программаларынын бүтүрүүчүлөрүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациядан өткөрүү жөнүндө жобосу Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2026-жылдын 15-июндагы № 420 токтому менен жогорку жана орто кесиптик билим берүү уюмдарынын бүтүрүүчүлөрүнүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясына байланыштуу жоболор жаңы редакцияда бекилгендигине байланыштуу ЖАМУнун Окумуштуулар кеңешинин 2026-жылдын 10-сентябрындагы №1 протоколу менен кабыл алынды

Жалпы жоболор

1. Кесиптик жогорку билим берүүнүн билим берүү программаларын өздөштүрүү бүтүрүүчүлөрдү милдеттүү жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоо менен аяктайт.

2. Жалал-Абад мамлекеттик университетинин кесиптик жогорку билим берүүнүн билим берүү уюмдарынын бүтүрүүчүлөрүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоо жөнүндө жобо (мындан ары – Жобо) бардык формалар боюнча кесиптик жогорку билим алып жаткан бүтүрүүчүлөргө карата колдонулат.

3. Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоонун максаты болуп кесиптик жогорку билим берүүнүн билим берүү уюмдарынын (мындан ары – ЖКБ билим берүү уюму) бүтүрүүчүлөрүнүн кесиптик тапшырмаларды аткарууга болгон даярдыгынын деңгээлин жана аларды даярдоонун кесиптик жогорку билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарына шайкештигин аныктоо саналат.

4. Бүтүрүүчүлөрдү жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоо аккредитациялanган ЖКБ билим берүү уюмдарында жана алардын аккредитациясы бар түзүмдүк бөлүмдөрүндө кесиптик жогорку билим берүүнүн адистиктери жана даярдоо багыттары боюнча жүргүзүлөт.

Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоодон өтүүгө ЖКБ билим берүү уюму тарабынан кесиптик жогорку билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарына ылайык иштелип чыккан кесиптик жогорку билим берүүнүн адистиктери же даярдоо багыттары боюнча билим берүү программасын толук көлөмдө өздөштүрүүнү ийгиликтүү аяктаган бүтүрүүчүлөргө жол берилет.

Жыйынтыктоочу аттестациялык сынактардын бардык белгиленген түрлөрүн ийгиликтүү тапшырган шартта бүтүрүүчүгө тиешелүү квалификация ыйгарылат жана мамлекеттик жана (же) өздүк үлгүдөгү кесиптик жогорку билими жөнүндө диплом берилет.

5. Аккредитациясы жок ЖКБ билим берүү уюмдарында окуган же аларды ийгиликтүү аяктаган адамдар аккредитациясы бар ЖКБ билим берүү уюмдарында учурдагы жана жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоодон өтүүгө укуктуу.

Жыйынтыктоочу аттестациялык сынактардын түрлөрү

6. ЖКБ билим берүү уюмдарынын бүтүрүүчүлөрүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоонун жыйынтыктоочу аттестациялык сынактарынын түрлөрүнө төмөнкүлөр кирет:

1) бүтүрүүчү квалификациялык иштин жактоо;

2) мамлекеттик экзамен;

3) жыйынтыктоочу отчетту (бизнес-планды, стартап-долбоорду, колдонмо долбоорду же практикалык колдонууга жана (же) мүмкүн болгон

коммерциялык сатууга багытталган башка натыйжаны) аткаруу менен практика (такшалма).

Милдеттүү жыйынтыктоочу аттестациялык сынактардын тизмеги кесиптик жогорку билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарты менен белгиленет.

7. Бүтүрүүчү квалификациялык иштер кесиптик жогорку билим берүүнүн белгилүү бир баскычтарына ылайык формаларда аткарылат:

1) бакалавр квалификациясы үчүн – бакалаврдын бүтүрүүчү иши формасында;

2) адис квалификациясы үчүн – дипломдук иш (долбоор) формасында;

3) магистр квалификациясы үчүн – магистрдик диссертация формасында.

ЖАМУнун окумуштуулар кеңешинин чечими боюнча бакалавр, магистр жана адис квалификациялары үчүн бүтүрүүчү квалификациялык иш жыйынтыктоочу отчетту аткаруу менен практикага (такшалмага) алмаштырылды жана студенттердин тандоосуна коюлду.

8. Бүтүрүүчү квалификациялык иштердин темалары ЖКБ билим берүү уюму тарабынан аныкталат. Бүтүрүүчүгө ЖКБ билим берүү уюму тарабынан белгиленген тартипте бүтүрүүчү квалификациялык иштин темасын тандоо, анын ичинде аны иштеп чыгуунун максатка ылайыктуулугун негиздөө менен өзүнүн темасын сунуштоо укугу берилиши мүмкүн. Бүтүрүүчү квалификациялык ишти даярдоо үчүн бүтүрүүчүгө жетекчи дайындалат.

Бакалаврлардын бүтүрүүчү иштери аткарылган курстук иштерди жана долбоорлорду жалпылоого негизделип, теориялык окутуунун акыркы мезгилинде жактоого даярдалышы мүмкүн.

Адистерди жана магистрлерди даярдоонун билим берүү программалары аяктагандан кийин аткарылган бүтүрүүчү квалификациялык иштер рецензиялануусу тийиш. Рецензиялоо тартиби ЖКБ билим берүү уюму тарабынан белгиленет.

9. Бүтүрүүчү квалификациялык иштерди аткаруунун шарттары жана мөөнөттөрү ушул Жобонун, кесиптик жогорку билим берүүнүн тиешелүү мамлекеттик билим берүү стандарттарынын негизинде ЖКБ билим берүү уюму тарабынан белгиленет.

Практиканы (такшалманы) өтүүнүн жана бүтүрүүчү квалификациялык иштин ордуна жыйынтыктоочу отчетту аткаруунун тартиби жана мөөнөттөрү ушул Жобонун, кесиптик жогорку билим берүүнүн тиешелүү мамлекеттик билим берүү стандарттарынын негизинде ЖАМУ тарабынан аныкталат.

10. Окутуудан күтүлүүчү натыйжаларды текшерүү максатында ЖАМУ тарабынан жыйынтыктоочу аттестациялык сынактардын программасы, суроолордун тизмеги жана баалоо критерийлери иштелип чыгат жана бекитилет.

Мамлекеттик аттестациялоо комиссиялары

11. Мамлекеттик аттестациялоо комиссиялары өз ишинде Кыргыз Республикасынын билим берүү жаатындагы мыйзамдарын, ушул Жобону, кесиптик жогорку билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарттарын, ЖКБ билим берүү уюмдары иштеп чыккан окууметодикалык документтерди жетекчиликке алат.

12. Мамлекеттик аттестациялоо комиссиясынын негизги функциялары болуп төмөнкүлөр саналат:

1) бүтүрүүчүнү даярдоонун кесиптик жогорку билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарына жана бекитилген негизги билим берүү программасына ылайык окутуунун күтүлгөн натыйжаларына шайкеш келишин аныктоо;

2) жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоонун натыйжалары боюнча квалификация ыйгаруу жана бүтүрүүчүгө кесиптик жогорку билими жөнүндө тиешелүү мамлекеттик же өздүк үлгүдөгү диплом берүү жөнүндө чечим кабыл алуу;

3) мамлекеттик аттестациялоо комиссиясынын ишинин натыйжаларынын негизинде бүтүрүүчүлөрдү даярдоону өркүндөтүүгө багытталган сунуштамаларды иштеп чыгуу.

13. Бүтүрүүчүлөрдү жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоодон өткөрүү үчүн ЖКБ билим берүү уюму тарабынан ар бир багыт жана адистик боюнча мамлекеттик аттестациялоо комиссиясынын курамы бекитилет.

ЖКБ билим берүү уюму тарабынан кесиптик жогорку билим берүүнүн бир билим берүү программасы боюнча бир нече мамлекеттик аттестациялоо комиссиясы бекитилиши мүмкүн.

Мамлекеттик аттестациялоо комиссиялары бир календардык жыл бою иштейт.

14. Мамлекеттик аттестациялоо комиссиясы иш берүүчүлөрдүн (ушул профилдин чөйрөсүндө иштеген ишканалардын, мекемелердин жана уюмдардын адистери), ошондой эле ЖКБ билим берүү уюмдарынын профессордук-окутуучулук курамынын жана илимий кызматкерлеринин ичинен 5 адамдан кем эмес санда түзүлөт.

Мамлекеттик аттестациялоо комиссиясынын курамындагы иш берүүчүлөрдүн саны комиссиянын мүчөлөрүнүн жалпы санынын үчтөн экисинен кем эмесин түзүүгө тийиш.

15. Мамлекеттик аттестациялоо комиссиясынын курамына факультеттердин декандары, кафедра башчылары, административдик башкаруу персоналынын өкүлдөрү, билим берүү уюмунун жетекчилиги кирбейт.

16. Мамлекеттик аттестациялоо комиссиясын тиешелүү профилдеги бүтүрүүчүлөр үчүн потенциалдуу иш берүүчүлөр болуп саналган ишканалардын, мекемелердин жана уюмдардын өкүлдөрүнүн ичинен төрага жетектейт, ал эми алар жок болгон учурда – ушул профилдеги/адистиктеги

илимдин доктору же кандидаты жетектейт. Төрага ЖКБ билим берүү уюмунда иштебеген адам болууга тийиш. Бир эле ошол адам катары менен эки жылдан ашык мамлекеттик аттестациялоо комиссиясынын төрагасы боло албайт.

Төрага мамлекеттик аттестациялоо комиссиясынын ишин уюштурат жана контролдойт, бүтүрүүчүлөргө коюлуучу талаптардын бирдей болушун камсыз кылат.

ЖКБ билим берүү уюму ар бир даярдоо багыты жана (же) адистик боюнча мамлекеттик аттестациялоо комиссияларынын төрагаларынын маалыматтар базасын өз алдынча түзөт.

Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоону өткөрүү тартиби

17. Өзгөчө кырдаал/өзгөчө абал режиминин шарттарында Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 17-февралындагы №76 «Аралыктан билим берүү технологияларын колдонууну жөнгө салуучу ченемдик укуктук актыларды бекитүү жөнүндө» токтому менен бекитилген Жогорку жана орто кесиптик билим берүүнүн билим берүү программаларын ишке ашырууда аралыктан билим берүү технологияларын колдонуу тартибине ылайык аралыктан билим берүү технологияларын колдонуу менен онлайн режиминде бүтүрүүчүлөрдү жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоодон өткөрүүгө жол берилет.

Ошол эле учурда жашырындуулук режимин сактоону талап кылган, жеткиликтүүлүгү чектелген грифи бар дисциплиналар боюнча, ошондой эле маданият жана искусство ЖКБ билим берүү уюмдарында атайын чыгармачыл дисциплиналар боюнча аралыктан билим берүү технологияларын колдонуу менен онлайн режиминде бүтүрүүчүлөрдү жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоодон өткөрүүгө жол берилбейт.

Кыргыз Республикасынын аймагынан тышкары жерде болгон бүтүрүүчүлөр үчүн күтүлбөгөн кырдаалдар пайда болгон учурда жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоо ушул Жободо каралган жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоону өткөрүүнүн бардык жол-жоболорун сактоо менен аралыктан билим берүү технологияларын колдонуу аркылуу онлайн режиминде өткөрүлүшү мүмкүн.

18. Мамлекеттик аттестациялык сынактарды өткөрүү тартиби ЖКБ билим берүү уюму тарабынан ушул Жобонун негизинде иштелип чыгат жана билим алуунун бардык формаларындагы бүтүрүүчүлөргө жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоо башталганга чейин жарым жылдан кечиктирилбестен маалымдалат. Бүтүрүүчүлөр мамлекеттик экзамендердин программалары менен камсыз болушат, аларга даярдоо үчүн зарыл шарттар түзүлөт жана консультациялар өткөрүлөт.

19. Бүтүрүүчү квалификациялык ишти жактоо (жабык тематика боюнча иштерди кошпогондо) мамлекеттик аттестациялоо комиссиясынын ачык жыйынында, анын курамынын үчтөн экисинен кем эмесинин катышуусу

менен өткөрүлөт. Мамлекеттик аттестациялык сынактарды өткөрүү жол-жобосу ЖКБ билим берүү уюму тарабынан белгиленет. Мамлекеттик аттестациялоо комиссиясынын ар бир жыйынынын узактыгы күнүнө 6 сааттан ашпоого тийиш.

Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоого киргизилген мамлекеттик аттестациялык сынактардын кайсы түрүнүн болбосун жыйынтыктары ЖКБ билим берүү уюму тарабынан белгиленген баллдык система боюнча «эң жакшы», «жакшы»,
«канааттандырарлык», «канааттандырарлык эмес» деген бааларга которуу менен бааланат жана комиссиянын жыйындарынын протоколдору белгиленген тартипте таризделгенден кийин ошол эле күнү жарыяланат.

20. Бүтүрүүчү квалификациялык ишти жактоого кесиптик жогорку билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарына ылайык иштелип чыккан кесиптик жогорку билим берүүнүн багыты/адистиги боюнча билим берүү программасын толук көлөмдө өздөштүрүүнү ийгиликтүү аяктаган жана жыйынтыктоочу аттестациялык сынактардын бардык башка түрлөрүнөн ийгиликтүү өткөн бүтүрүүчүлөргө жол берилет.

21. Бүтүрүүчүгө бакалавр, магистр же адис квалификациясын ыйгаруу жана мамлекеттик жана (же) өздүк үлгүдөгү кесиптик жогорку билими жөнүндө диплом берүү тууралуу чечимди мамлекеттик аттестациялоо комиссиясы мамлекеттик аттестациялоо комиссиясынын протоколдору менен таризделген жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоонун оң натыйжалары боюнча кабыл алат.

Мамлекеттик аттестациялоо комиссиясынын чечимдери жабык жыйындарда комиссиянын төрагасынын же анын орун басарынын милдеттүү түрдө катышуусу менен жыйынга катышкан комиссиянын мүчөлөрүнүн жөнөкөй көпчүлүк добушу менен кабыл алынат. Добуштардын саны тең болгон учурда комиссиянын төрагасы (же аны алмаштырган комиссиянын төрагасынын орун басары) чечүүчү добуш укугуна ээ болот. Мамлекеттик аттестациялоо комиссиясынын бардык чечимдери протоколдор менен таризделет.

22. Бардык экзамендерди «эң жакшы», «жакшы» деген бааларга тапшырган жана окуунун бардык мезгилинде жетишүүнүн орточо баллы 3,75тен төмөн эмес (GPA – Grade Point Average) болгон, ошондой эле бардык жыйынтыктоочу аттестациялык сынактарды тапшырган жана бүтүрүүчү квалификациялык ишти «эң жакшы» деген баага жактаган бүтүрүүчүгө артыкчылык диплому берилет (аскердик даярдык боюнча бааны эске албастан). Бүткүл окуу мезгилиндеги студенттин орточо баллы дипломдун тиркемесинде көрсөтүлөт.

23. Негизги билим берүү программасын өздөштүрүүнү аяктаган жана бир же бир нече жыйынтыктоочу аттестациялык сынактардан өтүүдө кесиптик жогорку билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарына даярдыктын ылайык келишин ырастабаган бүтүрүүчүлөрдү ЖКБ билим берүү уюмуна калыбына келтирүүдө аларга ЖКБ билим берүү

уюму аныктаган тартипте кайталап жыйынтыктоочу аттестациялык сынактар дайындалат.

Эгерде кайталап жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоо бүтүрүүчү ишти жактоо болуп саналса, анда бүтүрүүчү ЖКБ билим берүү уюмунун окуу планында белгиленген мезгилде жаңы тема боюнча бүтүрүүчү ишти аткарууга тийиш.

Бүтүрүүчү иштин темасы жана тапшырмасы бүтүрүүчү квалификациялык ишти аткаруу үчүн белгиленген мезгил башталганга чейин бекитилет жана 10 календардык күн мурун бүтүрүүчүгө берилет.

24. Жыйынтыктоочу аттестациялык сынактардан кайра өтүү жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоодон биринчи жолу өткөндөн кийин үч айдан эрте эмес жана беш жылдан кеч эмес дайындалат.

Кайталап жыйынтыктоочу аттестациялык сынактар ЖКБ билим берүү уюму тарабынан эки жолудан ашык дайындалышы мүмкүн эмес. Оң бааны жогорулатуу максатында жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоону кайра тапшырууга жана (же) бүтүрүүчү квалификациялык ишти жактоого жол берилбейт.

25. Жүйөлүү себептер менен (медициналык көрсөтмөлөр, үй-бүлөлүк шарттар боюнча, документ менен тастыкталган) жыйынтыктоочу аттестациялык сынактардан өтпөгөн бүтүрүүчүлөргө ЖКБ билим берүү уюмунан чыгарбастан жыйынтыктоочу аттестациялык сынактардан өтүүгө мүмкүнчүлүк берилиши керек.

Мамлекеттик аттестациялоо комиссияларынын кошумча жыйындары ЖКБ билим берүү уюму тарабынан белгиленген тартипте уюштурулат.

26. ЖКБ билим берүү уюму тарабынан мамлекеттик аттестациялоо комиссиясынын бардык жыйындары видеотартуу менен камсыздалат.

27. Бүтүрүүчүлөрдү жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоодон өткөрүүнүн натыйжалары ЖКБ билим берүү уюмунун окумуштуулар кеңешинин же факультеттин жыйынында мамлекеттик аттестациялоо комиссияларынын төрагаларынын жазуу жүзүндөгү отчетторунун негизинде угулат. Жыйындардын протоколдору жана видеожазуулары, мамлекеттик аттестациялоо комиссияларынын иши жөнүндө отчеттор ЖКБ билим берүү уюмунун архивинде сакталат. Мамлекеттик аттестациялоо комиссияларынын отчеттору адистерди кесиптик даярдоонун сапатын өркүндөтүү боюнча сунуштамалары менен электрондук форматта билим берүү жана илим чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга ал аяктагандан кийин эки айлык мөөнөттө берилет. Зарыл болгон учурда билим берүү жана илим чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган мамлекеттик аттестациялоо комиссияларынын төрагаларынын отчетторунун түп нускасын сурап алууга укуктуу.

28. ЖКБ билим берүү уюмдарынын мамлекеттик аттестациялоо комиссияларынын ишине мониторинг жүргүзүү билим берүү жана илим чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан жүзөгө ашырылат.

Мамлекеттик аттестациялоо комиссияларынын ишине текшерүү жүргүзүү тартиби

29. Мамлекеттик аттестациялоо комиссиясынын бүтүрүүчүгө бакалавр, магистр же адис квалификациясын ыйгаруу жана мамлекеттик жана (же) өздүк үлгүдөгү кесиптик жогорку билими жөнүндө диплом берүү жөнүндө чечими ушул Жобого ылайык жүргүзүлгөн текшерүүнүн натыйжалары менен тастыкталган жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоону өткөрүү тартибин жана (же) билими жөнүндө документтерди берүү тартибин олуттуу бузуулар аныкталган учурда билим берүү жана илим чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу орган тарабынан жокко чыгарылышы мүмкүн.

30. Бүтүрүүчүлөрдү жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоодон өткөрүү тартибин бузуулар аныкталган учурда билим берүү жана илим чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу орган кызматтык (комиссиялык) текшерүү жүргүзүүнү демилгелөөгө милдеттүү.

31. Бүтүрүүчүлөрдү жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоодон өткөрүү тартибин бузууларга төмөнкүлөр кирет:

1) экзаменди өткөрүүнүн, бүтүрүүчү квалификациялык ишти жактоонун белгиленген жол-жобосун же жыйынтыктоочу аттестациялоонун башка формаларын бузуу;

2) бүтүрүүчү тарабынан жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоо убагында тыюу салынган материалдарды, байланыш каражаттарын же башка техникалык каражаттарды жана (же) маалымат сактагычтарды пайдалануу;

3) бүтүрүүчүгө жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоого жол берүү тартибин бузуу;

4) үчүнчү жактардын жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоодон өтүүгө катышуусу;

5) жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоонун натыйжаларын бурмалоо;

6) жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоодон өтүүдө бүтүрүүчүнүн жол берүүнүн же баалоонун натыйжаларына таасирин тийгизген негизсиз катышпай калуусу;

7) билим берүү уюму тарабынан белгиленген жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоону өткөрүү тартибин анын натыйжаларын баалоонун объективдүүлүгүнө жана аныктыгына таасирин тийгизген башка бузуулар.

32. Кызматтык (комиссиялык) текшерүүнүн натыйжалары боюнча аныкталган бузуу фактылары, алардын мүнөзү, ошондой эле аныкталган бузуулардын жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоонун натыйжаларына тийгизген таасирин баалоо камтылган корутунду түзүлөт.

33. Текшерүү жүргүзүлүп жаткан адам милдеттүү түрдө кабарлануунга тийиш жана анын позициясын тастыктаган жазуу жүзүндөгү

түшүндүрмөлөрдү, ошондой эле башка документтерди жана материалдарды берүүгө укуктуу.

34. Кызматтык (комиссиялык) текшерүүнүн корутундусун кароонун натыйжалары боюнча билим берүү жана илим чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу орган төмөнкү чечимдердин бирин кабыл алат:

1) жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоонун натыйжаларын жараксыз деп тааныу;

2) бүтүрүүчүгө жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоодон кайра өтүүгө жол берүү;

3) жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоонун натыйжаларын кайра кароо үчүн негиздердин жоктугу.

35. Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоонун натыйжаларын жараксыз деп тааныу жөнүндө чечим мамлекеттик аттестациялоо комиссиясынын чечимин ушул Жободо белгиленген тартипте жокко чыгаруу үчүн негиз болуп саналат.

36. Текшерүүнүн натыйжалары боюнча кабыл алынган чечим Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык сот тартибинде даттанылышы мүмкүн».